УДК:316.776.33

Мырзакматова М.О.
ОИӨК “Кыргызстан эл аралык университети”
ага окутуучу, докторант

М.О.Мырзакматова
УНПК “Международный университет Кыргызстана”
старший, преподователь, докторант

Myrzakmatova M.O.
ESIC «International University of Kyrgyzstan»
senior lecturer, doctoral student

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН СҮЙЛӨГӨН СӨЗДӨРҮНДӨГҮ ФИЛОСОФИЯЛЫК ИЗДЕНҮҮЛӨР

ФИЛОСОФСКИЕ ИЗЫСКАНИЯ В ВЫСТУПЛЕНИЯХ ЧЫНГЫЗА АЙТМАТОВА

PHILOSOPHICAL RESEARCH IN THE SPEECHES OF CHINGHIZ AITMATOV

Аннотациясы: *Макалада Чыңгыз Айтматовдун сүйлөгөн сөздөрүндөгү философиялык ой-толгоолор каралды. Айрыкча, бүтүндөй планетаны ойлонткон экология, маданият, дүйнө тынчтыгы, жаңы технология, адам тагдыры тууралуу айтымдарына көңүл бөлдүк.*

Негизги сөздөр: *Жаңычыл, кыйроо, зомбулук, адам укугу, коркунуч, баарлашуу, келечек, адам тагдыры.*

Аннотация: *В статье рассмотрены философские мысли в высказываниях Чингиза Айтматова. В частности, заставляющее задуматься всю планету вопросы экологии, культуры, мира и спокойствия, новых технологий, обращено внимание также на слова Айтматова о человеческой судьбе.*

Ключевые слова: *Новшества, разрушения, насилие, права человека, опасения, мир, диалог, будущее, судьба человека.*

Abstract: *The article considers philosophical thoughts in the statements of Chingiz Aitmatov. In particular, questions of ecology, culture, peace and tranquility, new technologies that make the whole planet think, the attention is also paid to Aitmatov’s words about human destiny.*

Key words: *Innovation, destruction, violence, human rights, fears, peace, dialogue, future, human destiny.*

Макалыбызда залкар жазуучу Ч. Айтматоводун сүйлөгөн сөздөрүн карадык. Айтматов дүйнөнүн кайсыл бурчуна барбасын, кандай жолугушууларда болбосун жүрөгүнүн түпкүрүндө түбөлүк жашаган коркунучун, кооптонуусун айтат.

“Ч.Айтматов оюнун курчтугу, активдүү граждандык позициясы, коомдук-саясий ишмердиги менен өзүнүн эле өлкөсү тургай, дүйнөлүк дипломатиянын атмосферасын өзгөртүүгө чоң салым кошкон башкача айтканда, жалпы адамзаттын руханий, материалдык сөөлөтүн саясий конфоронтациядан жогору коюу менен жаңы глобалдык ой жүгүртүү жана жалпы адамзаттык баалуулук концепцияларын кыргыз пулицисттеринин ичинен алгачкы болуп Ч.Айтматов алып чыккан”- дейт Филология илимдеринин кандидаты Алтын Асанова, өзүнүн “Ч.Айтматовдун 70-80-жылдардагы публицистикасынын негизги проблематикасы” аттуу илимий макаласында [1. 271].

Адам баласынын идеалы-тынчтык. Жеке

адамдын, жеке үй-бүлөнүн, бир өлкөнүн тынчтыгын эмес бүт дүйнөнүн тынчтыгын кантип сактап калууга болот, тынчтыкты ким бузат, алар менен күрөшүүнүн жолдору кандай?!

Мындай карама-каршылыктагы күрөштө бүтүндөй адамзаты акыл-эсин , күч-кубатын, жаңы идеяларын бириктирбесе келечекти элестетүү кыйын.

Бүгүнкү интеллегенциянын мойнунда болуп көрбөгөндөй оор жүк турат. Коом күн санап өнүгүп-өсүүдө, илим-билимдеги ачылыштар эбегейсиз зор, ошол эле учурда тосколдуктар да толтура. Учурдагы интеллигенциянын көтөргөн жүктөрү эбегейсиз оор экендигин, жаңылануунун жаңы түйшүктөрүнө Ала-Тоонун аймагындагы адамдар да беттешип келет. Өзүбүздүн Ч.Айтматовдун "Тоолор кулаганда" романындагы жаңы кыргыздын образы аттуу макалабызда төмөндөгүчө белгилегенбиз: "Кайрадан Арсендин образына өтөлү, анын бүт денесин бийлеген өч алуу сезими, бардар жашоо үчүн болгон күрөшүү, көз ирмемде кандайдыр бир күчтүн алдында жеңилип берди. Кечеги эле баарынан бийик, таза Арсен бүгүн бизнес коомундагы адамдардын арасына келди. Ал гана эмес өз мекенинин баалуу айбанаттарын бизнесмен араб эмирлерине сатууга даяр болуп турат" [2. 19].

Тарыхында базар экономикасы жөнүндө эч кандай түшүнүгү жок момун кыргыз элинин бүгүнкү күндөгү Арсенге окшогон жаңы интеллигенциясы дагы инсандык-психологиялык ички күрөштөрдө сынып турат. Ааламдык кубулуштар күн санап өсүп, адамзатты туш тараптан муунтуп, жаман-жакшы жөрөлгөлөрү бири-биринен калбай жөөлөшүп ар бир элдин күнүмдүк жашоосуна таасир этип тургандыгын Аль Фараби атындагы Казак улуттук университетинин профессору Булдыбай Анарбай Саги уулу мындайча көрсөтөт: "Ооба, Ч. Айтматов ааламдык кубулуштарды өз бөлмөсүнөн, улуу кыргыз калкынын табийгатынан, өз туулган жеринен тапты. Жазуучу үчүн ааламдык метаморфоза кыргыз айылынан, кыргыздын салт-дастанынан башталды" [3, 247б.].

Эзелтеден эле мезгил түйшүктөрүн маданият чөйрөсүндөгү инсандар алгачкылардан болуп айтып чыгышкан.

Алардын чыгармаларындагы жарык, бийик, жаңычыл идеяларга эл таасирленген. Бул маселеге өз оюн билдирген тарых илимдеринин доктору Алина Муса кызы "Культура мира в современном Кыргызстане" аттуу илимий макаласында мындайча чагылдырат: "Ааламдык маданияттын факторлору жана чечилип жаткан маселелери бүгүнкү күндө дүйнөлүк коопсуздуктун негизги маселелеринин бири. Дүйнөлүк коопсуздуктун сактоонун жолдорун биргелешип иштеп чыгуу маселесин, дүйнөлүк маданияттын алкагында карап чыгуу үчүн "Ысык-Көл форумун" алгачкылардан болуп Кыргызстанада Ч.Айтматов сунуштаган" [7, 43-50 б.]

Ошондуктан, акын-жазуучулар бийлик үчүн дайыма коркунуч туудурган. Дүйнөлүк маданиятты бириктирген да ошол акын-жазуучулардын адабий чыгармаларындагы жаңы идеялар болгон. Токтогул Сатылгановдун 100 жылдыгына карата акындын айкелин тургузуп жаткан учурдагы Чынгыз Айтматовдун сөзүнөн:

"В эти дни когда киргизская земля чествует 100-летие своего выдающего сына-великого поэта Токтогула, каждый из нас, людей, причастных к литературе и искусству, вновь и вновь возвращается к Токтогулу к его духу и образцу, чтобы еще раз осмыслить путь, пройденный им, его роль, его значение в истории и жизни киргизского народа.

Позвольте мне, находясь здесь, у подножия будущего памятника Токтогулу, сказать по поводу этого несколько слов.

Я хотел бы обратить ваше внимание на одно обстоятельство которое, на мой взгляд, является как бы аттестацией великих поэтов, сочетавших в себе высокие качества художника с качествами борца и народного трибуна.

Эти великие поэты жили и творили в разное время, в разных странах, писали свои стихи на разных языках, представляли разные слои общества. Но есть одно, что объединяет их во времени и в пространстве в единую плеяду могучих сынов человеческих в единую поэтическую силу, в единую поэтическую мысль - это революционность и народность их творчества. На их плечах как бы покоится мост времени, по которому мы идем, мост, скроенный из стихов, рифм и сердец поэтов.

Эти поэты роднятся не только словом, не только созвучными песнями, но и судьбами своими, дорогами жизни и борьбы. Эти поэты стояли за свои идеалы, не на жизнь, а на смерть. Именно поэтому Байрон погиб за свободу Греции, именно поэтому царизм убил Пушкина, именно поэтому такие же черные силы сгубили Мицкевича и Петефа, именно поэтому великий муж Украины Тарас Шевченко шел в кандалах в ссылку, и каждый звон его цепей превратился в колокол народного гнева против поработителей и в голос нежности к простому человеку-труженику. Именно поэтому уже в наши дни фашисты расстреляли пламенного певца республиканской Испании – Гарсия Лорку. Токтогул как революционный поэт, как народный мыслитель, как борец и художник стоит в одном ряду с именами мировой поэзии. В одном ряду с теми, для которых миссия поэзии была неотделима от собственной жизни, от судьбы народа, с теми которые в силу своей революционности и таланта стали могучими опорами поэтического моста истории. Наш Токтогул – одна из опор этого моста.” 1965 год [4. 163-164].

Тарых беттерин окусак акын Токтогул феодалдык коомго нааразычылыгын ырдап чыгып, элди алдыга сүйрөп, башкача жашоого үгүттөптүр. Чынгыз агабыз дагы “Токтогул Сатылганов, өзүнүн революциялык көз караштагы ырлары аркылуу дүйнөлүк поэзияга салым кошту”-деп айтып жатат жогоруда. Дегеле маданият ишмерлеринин, акын-жазуучуларын ар бир сөзүндө “Тынчтык жана Тынчтык”-делинет .

Анткени, бул чөйрөдөгү адамдар аалам кезип көп жүрөт, ар кандай мезгилде ар кандай адамдарга жолугушат. Мыкаачылыкка, теңчилдиксиздикке, нааданчылыкка, ыплас иштерге туш болушат, адам укуктарынын тебеленгенин, моралдык кыйроолорун көрүшөт. Мындай объективдүү, субъективдүү себептер чыгармачыл адамдардын жандүйнөсүн оорутат, жаратылыштан ыроолонгон таланттарын ойготот. Жаңы түйшүктөр, жаңы жоопкерчиликтер, биз жашаган планетадагы жаратылыштагы кооптонуулар, адам кыймылындагы кооптонуулар ар бирибизди тынчсыздандырат. Бул көрүнүштөрдү чыгармачыл адамдар баарыбыздан мурдараак баамдашат, толкундашат. Хельсинкиде өткөрүлгөн “Тынчтыкты коргоо” форумунда Ч. Айтматов мындай дейт:

“Мы все понимаем-пути наши сошлись в Софии далеко не случайно. Слишком много для этого в мире серьезных причин.

Надо ли сомневаться, что каждый из нас в полную меру своих возможностей делает и будет делать все ради сохранения жизни на земле? В наши дни конкретная форма этой борьбы заключается в воплощении-поступках и устремлениях-решений, приянтых в Хельсинки, за превращение разрядки международной напряженности в необратимый процесс. Опять же, как было сказано выше, альтернативы нет. Нет альтернативы духу Хельсинки на сегодня. Коллективный разум человечества не изобрел пока ничего иного. Опять же возникает перед нами жесточайший выбор “или-или”, ибо по сути своей это глубоко взамосвязанные вещи-мир и человечность. Не в этом ли заключается одна из важнейших задач писателей-видеть жизнь через призму Хельсинки?! Есть тут один момент, заставляющий нас говорить об этом как о непосредственной угрозе. Мы не отделяем себя от болезненных мировых проблем, и все то негативное, с чем приходится сталкиваться ныне Западу, мы рассматриваем как общую беду человечества. Научно техническая революция дала современным людям возможность мгновенного общения в масштабе всей планеты через средства массовых коммуникаций, физически сблизила народы через скоростные транспортные средства и тем самым сделала нас гораздо более зависимыми друг от друга, чем когда бы то ни было. Мы все сегодня в одной лодке, а за бортом – космическая бесконечность” 1977. [5. 169.].

Демек, бүгүнкү күндө “сен мага тийбе мен сага тийбейм” деген түшүнүктө жашоого мүмкүн эмес. Тескерисинче, дүйнөдөгү бардык баалуулуктарды, ар бир элдин өзгөчөлүктөрүн, жаңы ачылыштарын, гүлдөгөн маданиятын, басып өткөн тарых-таржымалын, келечекке болгон ой-максатын, нравалык-моралдык баскычтарын сыйлап, сактоо зарылдыгын сездик.

Ушул иликтөөбүздүн негизинде өз жергебиздеги, өз элибиздеги кыйынчылыктарды көз

алдыбыздан өткөрдүк. Жакшы жашоо үчүн күрөшүүнүн далдаасында канчалган "балекеттер" турат. Учурда санасак сан жетпей келет. Бардык тараптан бир беткейлик, караңгылык күч алгандай (ич ара араздашуу, жөнсүз атаандашуу, социалдык жетим-жесирлердин күн санап көбөйүшү, үй-бүлөлүк зордук зомбулуктар, ичимдикке, анашага берилүү, айрыкча мекенди чанып, бөтөн жерден жатак издөө...).

Ушул кара тумандай каптаган "балекеттер" дүйнөнүн бардык чекиттеринде бар демекчибиз. Андан кутулуунун амалы-аң сезимди өзгөртүүдө деп баса белгилейт Айтматов:

"Эта задача выдвигает перед нами для всех нас общую проблему, которую я условно называю проблемой выработки современного мышления. Ибо современники-это не только физически живущие в одно время люди, но и что-важнее всего-это люди, для которых характерны общие черты мышления. Это прежде всего способность и умение мыслить планетарно, это по существу, подлинный интернационализм, подлинное уважение к самобытности культур, национальных языков, художественных ценностей, выработанных всеми народами. И наконец, это умение мыслить перспективно, различая в сегодняшнем дне тендеции завтрашнего. Понимание современности именно в этом аспекте чрезвычайно важно, если оно станет второй природой человека, его новой натурой. Оно-то явится одной из надежных гарантий мира на земле.

Это задача прежде всего литературы. Я не намерен приписывать литературе какую-то мессианскую роль. Политические деятели борются за мир своими методами, решающая роль за ними, но литература обладает собственными способами изображения жизни и воздействия на человеческие души, и естественно, мы писатели, сопрягаем свои усилия, свое творчество, свое художественное видение с прогрессивными политическими устремлениями, направленными к самой великой исторической цели, в основе которой лежат идеи мирного сосуществования, идеи сохранения основных ценностей на земле-человеческой жизни и культуры" [6.171].

Глобализация дүйнөнүн булуң-бурчундагы бардык кыймылдардын жаман-жакшысын кучагына алат, терроризм менен экстремизмдин өзү эле эмнеге турат. Руханий жакырлануу толеранттуу жашоого бөгөөт болууда. Сүрөткер агабыз олуялык кылып көп нерселерди алдын ала байкап, ал ачуу чындыкты бизге эскертип айтып турчу. Биз аны учурунда аңдабадык азыр да аңдабадай келебиз. Адамдардын аң-сезимине революция жасоо оңой эмес. Ошол революцияны жазуучу көркөм чыгармаларында, сүйлөгөн сөздөрүндө, интервьюларында, макалаларында, жада калса эл ичиндеги жөпжөнөкөй баарлашууларында жайылтып жүрдү. Улуттук маданиятты дүйнөлүк маданиятка көтөрүүнүн татаал жолунда Айтматов бизге, жалпы адамзатына сүйлөгөн сөздөрү аркылуу, чыгармалары аркылуу тарбиячы болду.

Иликтөөбүздө байкаган дагы бир кызыктуу учур-өзү жакшы сөздү аз угуп, башкаларга жакшы сөздү көп айтыптыр.

Маселен: балалыгындагы кара кагаз ташыган учурунда ким жакшы көрүп, ким жакшы сөз айтты дейсиз? "Сен көзүбүзгө көрүнбөчү, келсең эле жаман кабар алып келесиң...!!"-деп, андан ары каргап-шилегендери канча.

Атасы "эл душманы" болуп атылды. Эми Чынгызга жаман сөздөр даяр, жакшы жолдор жабылуу. Кийинчерээк "Жамийла" повестинин чыккан учуруна өтөлү. "Жамийла" повести Айтматовдун бактысы да, шору да болгондугун байкадык. Бактысы, повесть Айматовду ааламга алып чыкты, жеңиштерге жетеледи, маданият майданында күрөшүүдө күч берди деп ойлойбуз. А шору дегенибиз, "Жамийла" повести үчүн Айтматов уккан ачуу сын-пикирлер, жаман сөздөр чексиз болду. Маданият жана нравалуулук, цивилизациясынын башкы көрсөткүчү экендигин сөздөрүндө бекемдеген жазуучунун кеменгерлиги, адамзатка үлгү болуп келет. Орчундуу маселелерди талкуулоо үчүн Борбордук Азия-өтө ынгайлуу мейкиндик. Борбордук Азия аталышы көрсөтүп тургандай, көптөгөн цивилизациялардын топтолгон чөлкөмү (грек, кытай, рим, түрк, араб, ж.б.) болгондугун тарых ырастайт.

Демек ар кандай улуттардын, диндердин, маданияттардын карым-катышынын ордолуу очогу. Философиялык ой-толгоолордун негизинде Айтматовдун ушул чөлкөмдөн чыгып калышы да жөн жеринен эместей.

Борборлошкон Орто Азиядан ойгонуп, сергек сезимдеринде адамзаттын аң-сезимин уулап келе жаткан технократтык идеялардын алдын ала туюп, андан сактанып калуунун жолдорун издеп, ар бир сөзүндө омоктуу ойлору аркылуу бизге кеңеш, керээзин айтып өттү-бул дүйнөдөн!

Философия-чындыктын илими. Философия-жаратылышты, коомду үстүртөн карап, чийки, жыйынтыксыз, негизсиз талдоо принциптерине каршы турат. Чыркыраган чындыктын түпкүрүнөн жаралган, Айтматов түзгөн образдар, Айтматов сүйлөгөн сөздөр, Айтматов жазган публицистикалык макалалар-философия илиминин негизги куралдарынын бири.

“Беспокойся о том, хорошо ли служишь на том месте где находишся” – деген Конфуцийдин улуу философиялык көз карашына таянып жашагандай сезилет жазуучу.

Айтматов кайсыл гана жерде болбосун өзү турган жерге, өзү туулган элге, ак кызмат өтөгөн. Жазуучунун сүйлөгөн сөздөрүндөгү чындыкты иликтөөдө өзүбүз түздөн-түз күбө болгон бир жагдайга кайрылууну туура таптык.

1990-жылдар. Мекенибизде кыргыз-өзбек этносторунун ортосунда түштүк тарапта чыр чыкты, өлүм-житим болду. Тууган-урук, тааныш-тамыр Ошто болгондуктан ошол кыйын учурда биз да барганбыз. Эки элди тезирээк жараштыруу максатында калайык-калк сыйлаган адамдар келип жатышты. Чыңгыз агабыз да мындай учурда четте турмак эмес. Жолугуушууга келди, эки этностун өкүлчүлүктөрү чогулган жерде сөз сүйлөдү. Айтматовдун сөзүн эки жак тең муюп тыңдады: “Биз дини, тили, жери чогуу элбиз, бизди бөлүп-жарууга эч кимдин акысы жок. Мезгил өтөт, бул күндөрдө жасаган туура эмес иштерибиз үчүн, туура эмес ойлорубуз үчүн кийин уялабыз. Кыргыз эли байыртадан кечиримдүү, сабырдуу болгон. Сабырдуулукка чакырам. Элим, айткылачы, тынчтыктан өткөн бакыт барбы?!”-деген эле.

Анда ачууга алдырып тургандар “жеке бизге болушпады го”-деп таарынып да жиберишкен жазуучуга. Болуптур, өз элине жан тартсын, а чындык кайда? Эки элди жараштыруу максатын кантет? Эртеңки күн, бул каргашанын түбү кайда алып барат? Мына ушулар тууралуу ойлонуучу кез болчу.

Айтматов келет деген кабарды угуп “Эрте келген турналар” аңгеме китепчесин сатып алдым эле. Аркасынан калбай ээрчип жүрүп кол тамгасын түшүртүп алдым. Азыр китептердин төрөсү болуп, төрүмдө турат. Ошол кол тамга, ошол учурдагы тарыхий-татаал окуядагы Чыңгыз агамдын эки элге тең салмактуу айткан жылуу сөздөрүнүн күбөсү.

Адабияттар:

1. Асанова А. Ч.Айтматовдун 70-80- жылдардагы публицистикасынын негизги проблематикасы. – “Ысык-Көл формунун” жана “Ч.Айтматов жана руханий маданият”, “Айтматов окуулары-2018” Эл аралык илимий-практикалык конференцияларынын материалдары (октябрь-декабрь, 2018). - Бишкек-2018. - 217 б.
2. Мырзакматова М. “Чынгыз Айтматов чындык жарчысы”. – Бишкек-2012. - 19 б.
3. Булдыбай Анарбай Саги уулу “Ч.Айтматов жана ааламдык кубулуш”. Материалы “Ысык-Кульского форума” и международных научно-практических конференций “Ч.Айтматов и духовная культура”, “Айтматовские чтения-2018” (октябрь-декабрь, 2018). - 247 стр.
4. Айтматов Ч. Статьи, выступления, диалоги, интервью. М.: Издательство АПН, 1988 г. - 163-164 стр.
5. Айтматов Ч. Статьи, выступления, диалоги, интервью. М.: Издательство АПН, 1988 г. - 169 стр.
6. Айтматов Ч. Статьи, выступления, диалоги, интервью. М.: Издательство АПН, 1988 г. - 171 стр.
7. Муса кызы Алина, Культура мира в соврменном Кыргызстане.//Социально-гуманитарные науки. – 2005. - №3 – с.43-50.